КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

---

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз XXXIII сессиясы**

**Токтом № 173**

Сүлүктү шаары 7-май 2024-жыл

**Сүлүктү шаардык кеңешинин төрагасынын орун басары Г.Б. Сапарованын шаардык кеңештин төрагасынын орун басары кызмат ордунан бошотуу жөнүндөгү арызын кароо жана шаардык кеңештин төрагасынын орун басарларын шайлоо жөнүндө**

Сүлүктү шаардык кеңешинин төрагасынын орун басары Г.Б. Сапарованын шаардык кеңештин төрагасынын орун басары кызмат ордунан бошотуу жөнүндөгү арызы боюнча шаардык кеңештин "Мыйзамдуулук депутаттык этика, регламент, жергиликтүү сыйлыктар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш" боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын карап, талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамынын 34 беренсинин 8-пунктунун, 41 беренесинин 1 пунктунун негизинде жана шаардык кеңештин Регламентинин 3 - главасынын 10 – пунктуна ылайык, маселени талкуулап депутаттардын ачык добуш берүүсүнүн негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаардык кеңешинин төрагасынын орун басары Г.Б. Сапарованын шаардык кеңештин төрагасынын орун басары кызмат ордунан бошотуу жөнүндөгү арызы канааттандырылсын;
2. Сүлүктү шаардык кеңешинин төрагасынын орун басарлыгына шаардык кеңештин депутаты Рустамова Базаргүл Саттаровна жана Акимов Уланбек Акылбекович шайланды деп эсептелсин;
3. Шаардык кеңештин төрагасынын орун басарлары тийиштүү ченемдик - укуктук актылардын жана шаардык кеңештин Регламентинде көрсөтүлгөн ыйгарым укуктун чегинде иш алып барсын.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө аламын

Төрага: М.А.Кутбидинов